БОРБОРДУК
АЗИЯ УНИВЕРСИТЕТИ

# Борбордук Азия Университети Кыргыз Республикасында



*Кыргыз Республикасынын Президенти Роза Отунбаева жана БАУнун Башкы директору Богдан Кравченко 2010-жылы Университет тарабынан курулган мамлекеттик маанидеги Нарын айланып өтмө автожолунун жаңы тилкесинин ачылыш аземинде БАУдагы иштердин жүрүшү менен таанышуу учурунда.*

## Борбордук Азия Университети – бир Университет, үч кампус

Борбордук Азия Университети (БАУ) 2000-жылы негизделген. Бул жарандык менчик университеттин Уюштуруучулук келишимине жана Уставына Кыргыз Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Тажикистан Республикасынын Президенттери жана Улуу Даражалуу Ага-Хан тарабынан кол коюлуп, үч республиканын парламенттери тарабынан бекитилип, Бириккен Улуттар Уюмунда катталган. Университет тоолуу аймактарды жана анда жашаган калктын социалдык-экономикалык абалын жакшыртуу максатында билим жана технологияларды жаратып жана жайылтууга көмөк көрсөтөт. БАУ бул максатын ишке ашырууда Ага Хандын өнүктүрүү тармагынын агенттиктери менен биргеликте иш алып барууда.

БАУнун курамына: Профессионалдык жана үзгүлтүксүз билим берүү мектеби (Университеттин иштеп жаткан биринчи бөлүмү); Гуманитардык жана так илимдер мектеби (бакалавриат) жана Өнүктүрүү мектеби (магистратура) кирет. Алар студенттик шаарчалардын (кампустардын) курулушу аяктагандан кийин ачылат. Мындан тышкары, Университеттин алкагында аймактын окуу-методикалык жана илимий-изилдөө потенциалын өнүктүрүүгө багытталган үч демилге ишке ашырылууда: Борбордук Азия республикаларынын жарандарынан профессордук-окутуучулук курамды даярдоо программасы, Ага Хандын «Адам таануу» долбоору жана Илимий-изилдөө программасы. Университет жалпысынан 75 млн. АКШ долларын билим берүүгө жана инфраструктурага инвестициялаган, ал сумманын 24 млн. АКШ доллары Кыргыз Республикасына инвестицияланган.

Бул кыскача түшүндүрмө-баяндаманын максаты – окурманды Университеттин Кыргыз Республикасындагы ишмердүүлүгүнүн негизги жыйынтыктары менен тааныштыруу жана Университеттин келечек пландары менен курамдык бөлүмдөрүнө сереп салуу болуп саналат.

## Мамлекеттик органдар менен кызматташтык

2010-жылдын май айында Убактылуу Өкмөт жаштарды окутуу жана мамлекеттик кызматка алуу боюнча программанын башталышы жөнүндө кабарлаган. БАУ Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Башкаруу академиясы менен биргеликте Убактылуу Өкмөттүн жаштарды окутуп берүү өтүнүчүн кабыл алган. БАУ Кыргызстандын бардык облустарын камтыган «Жергиликтүү экономикалык өнүгүү жана жамааттардын өнүгүшү» программасын иштеп чыгып, программаны республиканын сегиз жогорку окуу жайында ишке ашырган. Бул программага даярдануунун алкагында кыргыз жана орус тилдеринде 22 аталыштагы жаңы окуу курал басылып чыккан, ошондой эле Профессионалдык жана үзгүлтүксүз билим берүү мектебинде 112 окутуучу квалификациясын жогорулатышкан. Жалпысынан алганда, программа мамлекеттик кызматта иштөөнү каалаган миңден ашык адамды камтыган. Бул программа 2011-жылы кеңейтилет жана мамлекеттик органдардын башка кызматкерлерин камтыйт. 2010-жылдын июнь айында Университет Эл аралык өнүктүрүү боюнча АКШнын Агенттигинин (ЮСАИД) колдоосу менен мамлекеттик саясатты калыптандырууга жаштарды тартуу максатында Бишкекте бир нече иш-чараларды өткөргөн. Иш топторунун алкагында ар кандай социалдык-экономикалык топтордогу жаштар арасында сурамжылоо жүргүзүлгөн. «Жаштар саясаты жаштардын үнү менен» деген аталыштагы жыйынтык отчет жаштардын көйгөлөрүн жана перспективаларын аныктады. Долбоордун ишинин жүрүшүндө Бишкек жана анын айланасындагы 150 формалдуу жана бейформал жаштар уюмдарынан жана бирикмелеринен турган маалыматтар базасы түзүлгөн. Бул баарлашуу жолдорун жөнгө салууга жана жаштардын коомдук жашоого катышуусуна мүмкүндүк берет.



*«Кыш кыноочу/таш тизүүчү жумушчу», «курулуш жыгач устасы» жана «шыбакчы/плитка жасалгалоочу» адистиктери боюнча ПҮБМдүн угуучулары Кесиптик-техникалык билим берүү борборунун ачылыш аземинде. Нарын шаары 2007 жыл.*

## Профессионалдык жана үзгүлтүксүз билим берүү мектеби (ПҮБМ)

Профессионалдык жана үзгүлтүксүз билим берүү мектебинин максаты (ПҮБМ) Университеттин кампустары курулуп жаткан аймактардагы жамааттардын социалдык-экономикалык өнүгүшүн жандандыруу жана керектөөлөрүн тейлөө. Мындай мамиле Университетке чоң сандагы угуучулардын катмарын камтууга мүмкүндүк берет. ПҮБМ Борбордук Азиядагы угуучулардын эмгек менен камсыз болуусун жана кирешелерин жогорулатууга мүмкүндүк берген ийкемдүү мамиленин алкагында, орто билимден кийинки тездетилген билим алууну жана кесиптик-техникалык квалификацияны сунуштаган биринчи мекеме болуп саналат.

Кыргызстанда ПҮБМдүн өкүлчүлүгү Нарын шаарында жайгашкан, ал эми Бишкекте Окуу борбору бар. Өз ишин алып баруу үчүн ПҮБМ Нарын тургундарынан окутуучуларды окуткан. Англис тили мугалимдеринин төртөө – Лондон соода-өндүрүш палатасынын күбөлүгүн, экөө – Microsoft'тун ИТ-Академиясынын күбөлүгүн алышкан. Төмөндө ПҮБМдүн учурдагы иш-аракетиндеги багыттар тууралуу жалпы маалымат берилет:

**Бухгалтердик эсеп**

ПҮБМ программалары ишкердикти жандандырууга өзгөчө көңүл бурушат. 2009-жылы ПҮБМдүн бүтүрүүчүлөрү тарабынан, курулуш фирмасын кошкондо, 25 жаңы ишкана түзүлгөн. 2009-жылдын сентябрь айындагы абалга таянсак, ПҮБМдүн мекемелер жана ишканалар үчүн кассирлерди жана бухгалтерлерди даярдоого адистештирилген «Бухгалтердик эсептин технологиясы» программасынын бардык бүтүрүүчүлөрү кызмат орундарына ээ болушкан.

**Колдонмо чет тилдер**

ПҮБМ колдонмо максаттар үчүн чет тилдерди үйрөнүү боюнча теңдеши жок программаларды сунуш кылат: ишкердик англис тили, жаштар үчүн англис тили, ишкердик орус тили жана ИТ-адистер үчүн англис тили. ПҮБМ Лондон соода-өндүрүш палатасынын Аттестациялык кеңешинин алдындагы катталган сынак борбору болуп саналат жана Лондон соода-өндүрүш палатасынын Аттестациялык кеңешинин англис тили боюнча эл аралык баага ээ болгон сертификатын сунуштайт.

**Ишкердик**

ПҮБМ аймактык маселелерди чечүү үчүн өкмөт менен тыгыз байланышта иштейт. 2009-жылы Университет аймактагы жумушсуздукту кыскартуу үчүн каражат катары ишкердикти өнүктүрүү боюнча биргелешип иш алып баруу максатында Миграция жана жумуш менен камсыздоо боюнча Мамлекеттик агенттигинин Нарын областук бөлүмү менен өз ара макулдашуу жөнүндө Меморандум түзүшкөн.

ПҮБМ микронасыялоо жана ишкердик боюнча борборун ачууда. Ал Бишкек жана Ош шаарларында кредиттик адистер менен микрокаржылык мекемелерди айыл чарбасындагы микронасыялоо тармагында окутат. Бул багыттагы алгачкы иш 2010-жылдын февраль айында башталган. ПҮБМдүн жана Кыргыз Республикасынын микрокаржы мекемелер Ассоциациясынын адистери республика боюнча микрокаржылоо адистер үчүн «Микрокаржылоого жекече мамиле» курсун өткөрүшкөн.

2011-жылы Программанын адистери иштерин улантышып жана окутууну өткөрүшөт. Ошол эле учурда, аймактык микрокаржылоо тажрыйбасын өнүктүрүү жана жакшыртуу максатында маалыматтарды жана тажрыйбаларды чогултуп, иликтөө жүргүзүшөт. Ишкерлердин көндүмдөрүн жана каржы мекемелеринин потенциалын өнүктүрүү аркылуу бул программанын алкагында каржы алуучулар жана каржы кызматтарын көрсөтүүчүлөрдүн ортосундагы байланышты жакшыртуу жана чакан жана орто ишкердүүлүктү өнүктүрүүнү колдоо сунушталат.

**Информациялык технологиялар**

2007-жылдан тартып ПҮБМ Microsoft'тун катталган ИТ-Академиясы жана Certiport'тун расмий сынак борбору, 2009-жылдан тартып Мектеп ICDL (Эл аралык компьютердик сабаттуулук сертификаты) программасынын алдындагы катталган сынак борбору болуп саналат. Бул программа боюнча сабактар жана сынактар кыргыз жана орус тилдеринде сунушталат. ICDL сертификаттары Эл аралык таанууга ээ жана сертификат ээлеринин технологиялык жөндөмдөрүн жана кызматка орношуу мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатат.

2010-жылдын май айынан тартып ПҮБМ ICDL программасын сунуштап келет, алгач курстар Нарында өткөрүлө баштады. Ал жерде ЮСАИДдин колдоосу менен Университет Нарын облусунун 48 айылдык орто мектептеринин мугалимдери үчүн ICDL боюнча квалификацияны жогорулатуу курстарын өткөргөн. Октябрь айында Билим берүү министрлиги 2010-2011-окуу жылында 7-8-класстардын окуучулары үчүн ICDL пилоттук курстарын өткөзүү максатында Нарын облусунун беш мектебин аныктады. Ошондой эле ПҮБМ мектептерге кыргыз тилиндеги окуу материалдарын тапшырды.

2010-жылы жайында ПҮБМ мекемелер жана уюмдар үчүн бир нече курстарды уюштурган. Миграция жана жумуш менен камсыздоо боюнча Нарын облустук комитети менен биргеликте Жумгал районунун айылдарында миграция боюнча комитеттин кызматкерлери үчүн компьютердик технологиялар боюнча тездетилген курстар өткөрүлгөн. Мындан тышкары, техникалык кызматташтык боюнча Германия агенттиги (GTZ) менен биргеликте Эмгек жана жумуш менен камсыздоо министрлигинин алдындагы көмөк маалымат борборлорунун кызматкерлери үчүн компьютердик сабаттуулуктун негиздери боюнча эки кыска мөөнөттүү корпоративдик курстар өткөрүлгөн.

**Туризм**

ПҮБМ экотуризмди өнүктүрүү боюнча курстардан баштап коомчулуктар негиздеген туризмдин (community-based tourism) операторлору үчүн кыргыз маданияты жана салттары боюнча туризм тармагындагы бир топ курстарды кеңири сунуш кылат. Туризм агенттиги менен кызматташуу жөнүндө Меморандум түзүлгөндөн кийин ПҮБМдүн адистери туризм тармагында иш алып барган жеке ишкерлер үчүн окутуу өткөрүшкөн. Мындан тышкары, ПҮБМ экотуризмди өнүктүрүү маселелери боюнча тегерек үстөл уюштурган. Ага мамлекеттик органдар менен ири туроператорлордун өкүлдөрүн жана жергиликтүү боз үй конуштарынын ээлерин камтыган 129дан ашык угуучулар катышкан.

**Жергиликтүү жамааттар менен иштөө**

Нарын облусунун калкынын жана жамааттарынын кеңири катмарын камтуу максатында ПҮБМдүн жергиликтүү коомчулуктар менен иштөө программасы ПҮБМдүн программаларына катышууга мүмкүнчүлүгү жок айылдардагы мектептер менен иш алып барат.

2009-жылы «Англис тили айылдарда» программасынын алкагында айыл мектептеринин 600дөн ашык окуучусу англис тили жана башка сабактар боюнча ПҮБМ иштеп чыккан окуу материалдарынын жана программаларынын негизинде кошумча сабактарды алышкан. Нарын облусунда «Англис тили мектептерде» программасы 14 айылда ишке ашырылууда. 2010-жылдын башында ЮСАИДдин колдоосу менен ПҮБМдүн адистери «Математика айылдарда» жана «Информациялык технологиялар мектептерде» пилоттук программаларын ишке ашыруусун башташкан.

2010-жылы ПҮБМдүн жана Тоолук жамааттарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча Программанын адистери Дүйнөлүк Банктын колдоосу менен бизнес-пландоонун негиздери боюнча Нарын облусунун ветеринар-ишкерлери үчүн кыска мөөнөттүү курстарды уюштурушкан. Курстарды ПҮБМдүн эки окутуучусу өткөргөн, курс 122 ветеринарды камтыган жана бизнес-идеяларды жаратуу, бизнес-пландарды жазуу, акча каражаттарын эсептөө жана бизнес-пландарды презентациялоо маселелери боюнча окутууну көздөгөн.

**Кесиптик-техникалык билим берүү**

2007-жылдан тартып ПҮБМ кесиптик-техникалык билим берүү (КТБ) тармагында кийинки адистиктер боюнча базалык квалификация программаларын сунуштайт: «Кыш кыноочу/таш тизүүчү жумушчу», «Курулуш жыгач устасы» жана «Шыбакчы/плитка жасалгалоочу». Бул программалар жергиликтүү эмгек рыногунун квалификациялуу адистерге болгон керектөөлөрүн жана программанын потенциалдуу угуучуларынын көпчүлүгү жумушсуз жана кирешелер булагына муктаж экендигин эске алуу менен иштелип чыккан. ПУМБдүн КТБ программасы мындай керектөөлөргө карата аракеттүү жооп болуп саналат, себеби ал КТБнын угуучуларына «шакирттик» усул боюнча окутууну сунуштайт. Анын алкагында угуучулар чынжыр графиги боюнча окутууну өтүшөт, анда теориялык модулдар өндүрүштүк практиканын модулдары менен кезектешет. Бул угуучуларга окуп жаткан учурунан баштап эмгек маяна алууга мүмкүнчүлүк берет жана ошол эле учурда тажырыйбада жергиликтүү рынокто талап кылынган жөндөмдөрдү дароо бекемдей алышат. КТБнын адистери ошондой эле сейсмикалык туруштук курулуш негиздери боюнча (методикалык окуу куралы жана видео-материалдары менен) кыргыз жана орус тилдеринде кыска мөөнөттүү курстарды иштеп чыгышкан.

КТБ программасынын 84 бүтүрүүчүсүнүн ичинен 60ы БАУнун башкы кампусунун курулушунда иш менен камсыз болушту.

## Илимий-изилдөө программасы

Илимий-изилдөө программасы 2008-жылы аймактагы туруктуу өнүгүү тармагындагы алдыңкы илимий-изилдөө борбору катары Университеттин аброюн көтөрүү максатында түзүлгөн. Программа өз ишмердүүлүгүн илимий долбоорлорду каржылоо жана Борбордук Азиялык жана чет өлкөлүк илимпоздорго гранттарды берүү, топтолгон билимдерди сактоо базасын жана маалыматтарды алмашуу түйүндөрүн иштеп чыгуу, кызматташууга жана биргелешкен изилдөөлөргө эл аралык өнөктөштөрдү тартуу сыяктуу бир нече демилгелерин колдоого ири каражаттарды бөлүүдөн баштаган.

Кыргызстанда илимий изилдөөлөр маданий мурас, билим берүү системасын реформалоо жана жаратылыш ресурстары менен жайыт жерлерин үнөмдүү пайдалануу жаатгарында жүргүзүлүүдө. Университет бир нече өнөктөштөр менен иш алып барат: Берн университетинин Айлана-чөйрөнү өнүктүрүү жана коргоо жөнүндө илимдер борбору, Зальцбург университети, Кыргыз-Орус славян университети, Тажик агрардык университети, Кыргызстанда жана Тажикстанда геомаалыматтар системасын жана геомаалыматтар системасы боюнча адистердин квалификациясын жогорулатууну өнүктүрүү тармагындагы бир катар ЖОЖдор жана мекемелер. Мындан тышкары, Университет швейцариялык «Түндүк-Түштүк» илимий изилдөө программасынын Борбордук Азия боюнча Координациялык бюросу үчүн база, Тоо өнөктөштүгүнүн, Тоо форумунун жана «Тоо өнөктөштүгү» консорциумунун аймактык өкүлчүлүктөрү жайгашкан жер болуп калды.

## Профессордук-окутуучулук курамды даярдоо программасы (CAFDP)

Профессордук-окутуучулук курамды даярдоо программасынын (CAFDP) алкагында магистрдик жана докторлук программалары боюнча окууга Кыргызстан, Тажикстан жана Казакстандык эң жөндөмдүү изилдөөчүлөргө колдоо көрсөтүлүүдө. CAFDP программасы боюнча окутууну ийгиликтүү аяктаган стипендиаттар Университеттин окуу ишмердүүлүгүндө жана илимий-изилдөө иштеринде активдүү катышуу менен, БАУда беш жыл иштеши керек. Университет өзүнүн профессордук-окутуучулук курамынын 80% чет мамлекеттерде эмгектенген иш тажрыйбасы жана дүйнөнүн алдыңкы ЖОЖдору берген илимий даражалары бар Борбордук Азия республикаларынын жарандарынан түзүүнү көздөөдө. Университет CAFDP программасынын алкагында Азия технологиялар институту, Карлтон Университети (Канада), Германиялык академиялык алмашуу кызматынын ЖОЖдору (ДААД), Сингапур Улуттук университетинин Ли Куан Ю атындагы мамлекеттик башкаруу мектеби, Мичиган штатынын Университети, Альберта Университети (Канада), Берн университети (Швейцария), Кембридж университети (Улуу Британия), Эксетер университети менен өнөктөштүк байланыштарды түзгөн.

2008-жылдан 2010-жылга чейин Университет 345 миң АКШ доллардан ашык каражатты CAFDP программасына инвестициялаган, мындан тышкары, өнөктөш-ЖОЖдордун бул программа боюнча кошкон салымы 440 миң АКШ долларды түзгөн. CAFDP программасынын жыйырма стипендиатынын тогузу Кыргыз Республикасынын жараны.

## Ага Хандын «Адам таануу» долбоору

Долбоор 1997-жылдан тартып иштеп келет, анын максаты адам жана коомдун актуалдуу маселелерин илимдер аралык гуманитардык көз караштан үйрөнүү жана сынчыл ойлом жөндөмдөрү менен илимий жазма өнөрүн өнүктүрүү болуп эсептелет.

Долбоор 2007-жылы Ага Хандын маданият боюнча Трастынын каражатынан Борбордук Азия Университетине өткөн. Долбоор аймактык жана чет өлкөлүк изилдөөчүлөр менен активдүү байланыштарды колдоп, бардык үч негиздөөчү-мамлекеттин ЖОЖдору менен бекем өнөктөштүк мамилелерди түзүүдө. Долбоордун курстары аймактын 34 жогорку окуу жайында жана кээ бир орто мектептеринде сунушталган. Долбоордун материалдарынын негизинде өтүлгөн сабактарга 158 окутуучу катышып, жыл сайын 6,5 миң угуучуну окутушат. Долбоордун адистери Борбордук Азиянын ЖОЖдору менен түзүлгөн узак мөөнөттүү өнөктөштүк байланыштардын алкагында окутуу-методикасы боюнча жардам көрсөтүп келишет. Профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын алдыңкы окуу материалдары жана педагогикалык иштелмелер боюнча ар кандай такай өтүлүүчү семинарлардын жардамы менен жогорулатууга өзгөчө көңүл бурулат. 2008-2009-жылдары Кыргыз Республикасында тогуз семинар өткөрүлгөн.

Кыргыз Республикасында 2008-2009-жылдары Ага Хандын «Адам таануу» долбоору иштеп чыккан окуу куралдары боюнча сабактарды 22 атайын даярдалган окутуучу өлкөнүн 12 ЖОЖунда 2 000 студентти камтуу менен өтүшкөн. Кыргыз Республикасында Ага Хандын «Адам таануу» долбоорунун өкүлчүлүгү Ош шаарында жайгашкан.

«Борбордук Азия Университетин жаратуу билим берүүдөгү жана Борбордук Азияда илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүдөгү маанилүү кадам болуп саналат. Университет менин жашоомдун багытын өзгөрттү. Мен 1990-жылдары окууну аяктаган учурдан бери көп нерсе өзгөрдү: экономикалык теория, колдонмо изилдөөлөр жана информациялык технологиялар тармагында алгылыктуу жылыштар болду. ЖОЖго кайтып келүү мен үчүн өз билимимди тереңдетүүгө жана жогорулатууга жардам берет. Менин илимий изилдөөм Борбордук Азия үчүн өтө орчундуу маселе болгон – жакырчылыкты иликтөөгө арналган. Менин ишимдин жыйынтыктары келечекте мамлекеттик саясатты калыптандырууга жардам берет деп ишенем».

- Канат Тилекеев, Гиссен университетинин (Германия) докторлук программасынын угуучусу





*Нарын шаарындагы Университеттин кампусунун көрүнүшү. Жакынкы жылдар аралыгындагы божомолдонгон инвестициялардын жалпы көлөмү 250 млн. АКШ долларын түзөт.*

## Курулуш иштеринин жүрүшү

Университет Нарын шаарынын жанындагы 252 гектар жерге университеттик шаарчанын (кампустун) курулушун жүргүзүүдө. Кампустун аймагында 1 200дөн ашык студент, ошондой эле профессордук-окутуучулук жана тейлөөчү курамдардын кызматкерлерине ылайыкталган заманбап имараттар жайгашат. Кампустун долбоорун дүйнөгө таанымал жапан архитектору Арата Исозаки даярдаган. Студенттердин бардыгы жана профессордук-окутуучулук жана тейлөөчү курамдардын ири бөлүгү 125 000 чарчы метр имаратты камтыган китепканасы, жыйындар залы, спорттук борбору, жогорку звенодогу жетекчилерди даярдоо борбору, балдар бакчасы жана коомдук-маданий иш-чараларды өткөрүү үчүн жайлары бар кампустун аймагында жашашат.

2010-жылдын аягында Нарындагы башкы кампустун жана шаардык кампустун курулушуна жумшалган инвестициялардын жалпы көлөмү 16 млн. АКШ долларын түздү, анын 7,5 млн. АКШ долларга жакынын курулушка жумшалган инвестициялар түзөт. Университеттин Нарындагы башкы жана шаардык кампустарынын курулушуна жакынкы жылдар аралыгында инвестициялардын жалпы божомолдонгон көлөмү 250 млн. ашык АКШ долларды түзөт.

БАУнун кампусун курууга жер берүү 2004-жылы аяктаган. Нарындык кампустун участогунда иштердин олуттуу көлөмү жасалган. 2010-жылы КРнын Улуу Урматтуу Президенти Роза Отунбаева мамлекеттик маанидеги Нарын айланып өтмө автожолунун салтанаттуу ачылышына катышкан. Аны мурунку жолдун ордуна Нарын кампусунун чегин бойлотуп курушкан. Жергиликтүү тургундар үчүн чоң жолго кошулуучу жол тармактары курулган жана геокоргоочу курулуштар («жашыл дубалдар» аталган) тургузулган; участокту пландаштыруу боюнча иштер 2011-жылы да улантылат. Ага кошумча кампустун аймагын жашылдандыруу боюнча ландшафттык иштер жүргүзүлүп, көчөттөр отургузулуп, өстүрүлүүдө.

2009-жылы курулуш иштерине 168 адам тартылган, алардын ичинен 156 адам кыргызстандыктар. Курулуш иштерин тейлеген ишканаларда 50дөн ашык кыргызстандыктар үчүн жумуш орундары түзүлгөн.

## Инвестициялар

(АКШ доллары менен)




## Камтылгандар

- Атайын даярдалган 170 окутуучу, 6 600 угуучуну камтуу менен, аймактагы 35 ЖОЖдо сабак өтүү үчүн Ага Хандын «Адам таануу» долбоору иштеп чыккан окуу материалдарын колдонушат
- 9 эл аралык ЖОЖ менен өнөктөштүк байланыштар
- CAFDP программасынын 24 стипендиаты
- ПҮБМдүн 25 000 угуучусу
- 400 кызматкер (95%дан көбүн Борбордук Азия республикаларынын жарандары түзөт)
- Орточо эсеп менен алганда, жылына курулуш иштерине 400-450 адам катышат

**БАУнун администрациясы**

720001, Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Токтогул көчөсү 138
Тел.: +996(312) 910 822
Факс.: +996(312) 910 835
info.bishkek@ucentralasia.org

**Нарын шаарындагы ПҮБМдүн өкүлчүлүгү**

722600, Кыргыз Республикасы, Нарын ш.
Ленин көчөсү 78
Тел.: +996(3522) 51 205
Факс.: +996(3522) 51 204
spce.naryn@ucentralasia.org

**Бишкек шаарындагы ПҮБМдүн окуу борбору**

720001, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.
Токтогул көчөсү 138
Тел.: +996(312) 910 822
Факс.: +996(312) 910 835
spce.bishkek@ucentralasia.org

*© БАУ 2011-жылдын январь айы*